«БЕКИТЕМИН»
Бишкек шаарындагы
№172 Балдар бакчасынын директору
Чуулдакова Г.Ж____________
«12» декабрь 2023

# ИЛИМ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЙЫЛТЫШЫ ТУУРАЛУУ АКТ

1.**Ишке ашыруунун автору**: академик, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин ага окутуучусу Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна

2.**Илимий иштин аталышы**:«Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларыды колдонуунун педагогикалык шарттары" 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы.

3. **Аннотация.** Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде жүргүзүлгөн педагогикалык ишмердүүлүк балдардын физикалык жана психоэмоционалдык ден соолугун чыңдоого багытталган. Кинезиологиялык көнүгүүлөр жана арт-терапия билим берүү жана ден соолукту сактоо тармактарында абдан актуалдуу. Бул көнүгүүлөр балдардын ден соолугун чыңдап гана койбостон, аларды физикалык жана эмоционалдык жактан гармониялуу өнүктүрүүгө да багытталган. Технология окуучуларга өзүнүн денеси менен байланышты жакшыртууга, кыймыл координациясын өнүктүрүүгө, ошондой эле стрессти азайтууга жардам берет. Бул иш-чаралар окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга да көмөкчү болот. Педагогикалык технологиялардын арасында кинезиологиялык көнүгүүлөр жана пилатесса элементтери, ошондой эле арт-терапиялык көнүгүүлөр колдонулуп, балдардын ден соолугун жакшыртууга багытталат. Илимий изилдөөлөрдүн алкагында

кинезиологиялык көнүгүүлөр окуу процессине интеграцияланып, анын идеяларын практикалык түрдө текшерүү эксперименттер аркылуу жүргүзүлгөн.

**4.Ишке ашыруу орду жана убактысы:** Бул педагогикалык технология академик К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогикалык билим берүү факультетинин "Профил боюнча окутуу методикасы" сабагында студенттерге үйрөтүлүп, практикалык эксперимент катары Бишкек шаарындагы №172 бала бакчада жана "ЖАС Теремок" бала бакчаларында апробацияланган.

**Максаты:** Балдардын физикалык даярдыгын жогорулатуу, дене тарбия көнүгүүлөрүнө кызыгуусун арттыруу жана активдүүлүктөн коркуу сезимин төмөндөтүү. Ошондой эле сергек жашоо образына оң көз карашын калыптандыруу жана балдардын жалпы физикалык абалын жакшыртуу.

- **Формасы:**: Балдардын оюн аркылуу физикалык абалын чыңдоо;
- Кыймылдарды координациялоо жана кыймыл жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- Кинезиологиялык көнүгүүлөрдү окуу процессине киргизүү;
- Оюндарды жана гимнастиканы камтыган иш-чараларды өткөрүү;
- Көнүгүүлөрдү балдардын жаш курагы жана физикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтыруу;
- Үзгүлтүксүз активдүү тыныгууларды уюштуруу.

**Натыйжасы:** Медициналык текшерүүлөрдүн жыйынтыгында балдардын физикалык абалынын жакшырганы катталды.

Педагогикалык байкоо анализи окуучулардын активдүүлүгүнүн жана окууга мотивациясынын жогорулагандыгын көрсөттү.

Ата-энелердин пикири бул технологиянын балдарынын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө оң таасирин тастыктадык.

**Технологияны андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча сунуштар**: Кинезиологиялык көнүгүүлөрдү киргизгенде, балдардын ден соолугуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү керек; Ар бир баланын физикалык

мүмкүнчүлүктөрүн жана жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып, көнүгүүлөрдү жекече пландаштыруу зарыл; Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, аларды технологияны иш жүзүндө туура колдонууга даярдоо үчүн атайын тренингдер жана курстар уюштуруу керек.

Бул педагогикалык технология мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде гана колдонулбастан, башталгыч класстарда да натыйжалуу болушу мүмкүн. Ошондой эле кинезиология жана арт-терапиялык көнүгүүлөрдү жаш өспүрүмдөрдүн жалпы билим берүү программаларына киргизүү алардын физикалык жана психологиялык өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет.

Мындан ары, технологиянын элементтерин өркүндөтүп, билим берүү тармагында дагы кеңири жайылтуу керек деп ойлойм. Түзүлгөн система балдардын ден соолугун чыңдоодо узак мөөнөттүү жана туруктуу натыйжаларга жетүүгө жардам берет.

**Технологиянын негизги артыкчылыктары:**

1. **Балдардын ден соолугун чыңдоодо** – Кинезиологиялык көнүгүүлөр балдардын физикалык жөндөмдөрүн жакшыртууда натыйжалуу болуп чыкты, бул алардын кыймыл активдүүлүгүнө оң таасирин тийгизип, ден соолугун бекемдеди.
2. **Психоэмоционалдык туруктуулук** – Арт-терапиялык көнүгүүлөр жана оюн аркылуу окутуу балдарга эмоционалдык стресстен арылууга, ички тынчтыкты сактоого жардам берди, бул алардын окуу процессиндеги ийгиликтерин жогорулатты.
3. **Балдардын мотивациясын арттыруу** – Оюн аркылуу берилген көнүгүүлөр балдардын сабакка кызыгуусун арттырды, алар окуу процессине активдүү катышып, кыймылдуу көнүгүүлөрдү аткарууда өздөрүн эркин сезишти.
4. **Ата-энелердин оң пикирлери** – Ата-энелер бул технологияны жогору баалап, анын балдарынын ден соолугуна жана жалпы өнүгүүсүнө тийгизген таасирин оң деп табышты.

Бул педагогикалык технология балдардын кыймыл жөндөмдөрүн, психоэмоционалдык туруктуулугун жана ден соолугун комплекстүү жакшыртууга шарт түзгөндүктөн, мектепке чейинки билим берүү системасына ийгиликтүү киргизилгенин айкын көрсөттү. Мындан улам бул технологияны мындан ары да өркүндөтүү, аны башка билим берүү мекемелеринде кеңири колдонуу зарылчылыгы бар.

**Технологияны өркүндөтүүдө кортунду сунуштары:**

1. **Кинезиологиялык көнүгүүлөрдү үзгүлтүксүз киргизүү:** Бул көнүгүүлөрдү окуу процессине үзгүлтүксүз интеграциялоо балдардын ден соолугун чыңдоодо туруктуу натыйжаларга жетүүгө жардам берет.

2. **Мугалимдерди окутуу:** Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, аларды кинезиология жана арт-терапия ыкмалары боюнча окутуу окуу процессинин натыйжалуулугун арттырат.

3. **Мониторинг жана баалоо:** Балдардын ден соолугунун абалын үзгүлтүксүз байкоо жана педагогикалык технологиянын натыйжаларын баалоо, технологиянын мындан ары ийгиликтүү колдонулушуна жана өркүндөтүлүшүнө өбөлгө түзөт. үзгүлтүксүз мониторинг кылуу менен алардын физикалык жана психоэмоционалдык өнүгүүсүнө көз салып туруу.

4 **Индивидуализация:** Балдардын ар биринин физикалык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, көнүгүүлөрдү ылайыкташтыруу жана алардын муктаждыктарына ылайык жекече план түзүү абдан маанилүү.

**Жыйынтыктоо.** Кинезиологиялык көнүгүүлөр жана арт-терапия аркылуу балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча иштелип чыккан педагогикалык технология мектепке чейинки курактагы балдар үчүн эффективдүү жана натыйжалуу болуп чыкты. Аны мындан ары дагы өркүндөтүү жана мектепке чейинки гана эмес, башталгыч билим берүүдө колдонуу мүмкүнчүлүгүн карап көрүү маанилүү. Технология билим берүү процессине терең киргизилип, ден

соолукту сактоо жана жакшыртуу максатында натыйжалуу педагогикалык ыкма катары кабыл алынышы мүмкүн.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде балдардын ден соолугун чыңдоо максатында киргизилген кинезиологиялык көнүгүүлөр жана арт-терапиялык элементтер камтылган педагогикалык технологиялар натыйжалуу экенин эксперименттик изилдөөлөр көрсөттү. Бул ыкмалар балдардын кыймыл координациясын жакшыртып гана койбостон, алардын жалпы физикалык жана психоэмоционалдык абалына, олуттуу оң таасирин тийгизди. Эксперименттердин жыйынтыгында балдардын ден соолугу медициналык текшерүүлөрдүн негизинде жакшырганы, активдүүлүгү жана окууга кызыгуусу жогорулаганы байкалды.

№172 Бала бакчанын директору:
Чуулдакова Г.Ж. ________________________________
Факультеттин деканы
Мураталиева М.А.________________________________
Тарбиячы.
Азыранкулова Г.А________________________________
Изилденүүчү:
Кошалиева С.Ш.: ________________________________
Акт түзүлгөн датасы: “15” сентябрь 2023